Долбоор

7-тиркеме

# Майнингди жүзөгө ашыруу боюнча иш үчүн сертификатты каттоо жана берүү ТАРТИБИ

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Тартип майнерлерди каттоонун жана майнинг ишин жүргүзүү боюнча иш-аракеттер үчүн сертификат берүүнүн тартибин аныктоо максатында иштелип чыккан.

Бул Тартип ошондой эле майнингди, анын ичинде жамааттык майнингди жүзөгө ашыруу боюнча ишке жана мамлекеттик майнингди кошпогондо, майнингди жүзөгө ашырган субъекттерге (майнерлерге) карата талаптарды белгилейт.

Бул Тартип өзгөчө укуктук режими жана статусу бар “Тамчы” атайын финансылык инвестициялык аймагынын финансылык институттарынын ишине жайылтылбайт.

2. Ушул Тартиптин алкагында төмөнкүдөй аныктамалар пайдаланылат:

**арыз ээси -** ушул Тартипке ылайык электрондук түрдөгү сертификатты (QR-коду менен) аралыктан каттоо жана алуу мүмкүнчүлүгүн берүү менен Интернет тармагы аркылуу электрондук түрдө каттоодон өтүү үчүн ВАУАга кайрылган юридикалык жак/жеке ишкер;

**Майнерлердин санарип реестри** (мындан ары - Реестр) - майнерлерди каттоону жана тиешелүү сертификаттын берилгендигин тастыктаган жазмалардан турган санарип ресурсу, ага жеткиликтүүлүк Кыргыз Республикасынын Санарип кодексине ылайык мамлекеттик санарип сервистеринин тиркемелери жана сайты аркылуу жүзөгө ашырылат.

**виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү саясатты ишке ашыруу жана жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган -** Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар боюнча улуттук агенттик (мындан ары - ВАУА);

**виртуалдык активдер чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы (мындан ары - Финкөзөмөл);

**электр энергетика жаатындагы мамлекеттик орган** - бул электр энергетика чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык майнерлерди электр

тармактарына кошууга талаптарды, майнерлер үчүн электр энергиясына квотаны (зарыл болгон учурда) аныктоо механизмин аныктоочу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;

**майнинг пул** - майнерлердин майнингдик мүмкүнчүлүктөрүн консолидациялоо жана майнинг иштерин уюштуруу үчүн иштелип чыккан электрондук платформа;

**мамлекеттик майнинг** - мамлекеттин катышуусу менен мамлекеттин толук же үлүштүк катышуусу формасында (ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын же мамлекеттик компаниянын атынан) же болбосо атайын ыйгарым укуктуу мамлекеттик ишкананы түзүү аркылуу жүзөгө ашырылуучу майнинг боюнча иш;

**юридикалык жак** - Реестрде катталган жана ВАУА тарабынан берилген сертификаттын негизинде иш жүргүзгөн, майнерлер үчүн майнингдик аппараттык-программалык комплекстин кубаттуулуктарын бириктирүү кызматын көрсөткөн, алардын биргелешкен ишинин натыйжасында алынган виртуалдык активдерди майнерлердин ортосунда бөлүштүрүүнү жүзөгө ашырган жак**.**

3. Мамлекеттик жана муниципалдык имараттардын жана курулмалардын электр жана жылуулук тармактарына уруксатсыз кошуу жолу менен майнингти жүзөгө ашырууга тыюу салынат.

## 2-глава. Каттоо жана сертификат алуу үчүн керектүү документтер

4. Өнөр жай жана жеке майнингге сертификат алуу үчүн арыз ээси ВАУАга мамлекеттик же расмий тилдерде төмөнкүдөй документтерди берет (в бумажной или электронной форме):

1) ушул Тартиптин 3-тиркемесине ылайык түрдө түзүлгөн сертификатты берүү жөнүндө арызды;

2) юридикалык жак үчүн уюштуруу документтеринин: уставдын жана/же уюштуруу келишиминин (бирден ашык уюштуруучу (акционер/катышуучу)), мамлекеттик каттоо/кайра каттоо, коллегиалдуу органдарды шайлоо жөнүндө күбөлүктүн, ошондой эле юридикалык жактын жетекчисинин/башка ыйгарым укуктуу жактын колтамгасы жана мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн, салык органдарына берилген акыркы отчеттук датага карата финансылык отчеттун көчүрмөсү;

3) арыз ээсинин жетекчисинин/башка ыйгарым укуктуу адамдын мөөрү жана колу менен күбөлөндүрүлгөн байкоочу (бар болсо) жана башкаруунун аткаруу органдарын шайлоо жөнүндө документти;

4) жеке ишкер катары мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсүн - жеке ишкер үчүн (резидент эместер үчүн Кыргыз Республикасынын Салык органдарында каттоодон өтүү милдеттүү шарт болуп саналат);

5) арыз ээсинин виртуалдык активдер капчыктары жөнүндө маалымат: колдонулган технологиянын түрүн (программалык капчык, аппараттык капчык) жана капчык кызматын камсыздоочунун аталышын көрсөтүү менен майнинг үчүн сыйлык алуу үчүн колдонулган виртуалдык активдер капчыктарынын дареги.

6) ушул Тартиптин 1-тиркемесине ылайык башкаруунун аткаруу органынын мүчөлөрү жана уюштуруучулар (акционерлер/катышуучулар) толтурган жана кол койгон анкеталарды;

7) төмөнкүлөрдү минимум катары камтыган бизнес-планды:

- майнингди жүргүзүүдө көздөгөн максаттардын аныктамаларын;

- майнингди жүргүзүүдөн күтүлгөн экономикалык натыйжалардын болжолдуу эсептерин, ошондой эле минимум катары 3 (үч) календарлык жылга электр энергиясын керектөөнүн болжолдуу эсептерин;

8) арыз ээсинин чарбалык иши үчүн банкта алыш-бериш эсебинин бар экендиги жөнүндө маалымкат жана / же көчүрмө;

9) арыз ээсинин ички документтеринин көчүрмөлөрүн, төмөнкүлөрдү караган майнинг иштеринин эрежесин:

- блокчейндин эсептик-эсептөө борборунун ишинин тартибин;

- электр менен үзгүлтүксүз камсыз кылуунун тартибин, анын ичинде штаттык эмес кырдаал келип чыкканда аракеттердин тартибин.

10) эгерде ишеним кат боюнча арыз ээсинин атынан өкүл аракеттенген учурда, уюштуруучулук документтерге ылайык жетекчинин же ыйгарым укуктуу башка адамдын колу коюлган ишеним катты, сертификатты алууга өкүлгө берилген мөөрдүн кагазга түшүрмөсү менен кошо;

11) уюштуруучу арыз ээсинин (акционердин/катышуучунун) - Кыргыз Республикасынын резидентинин/резидент эмес жеке жагынын документтеринин көчүрмөлөрүн;

- паспорт (резидент үчүн ID-паспорт, резидент эмес үчүн - чет мамлекеттин жаранынын котормосу менен нотариалдык күбөлөндүрүлгөн паспорту);

- резидент эместер үчүн чет мамлекеттин мыйзамдарында каралган формада документтерди берүү датасына карата салыктарды төлөө боюнча

карыздардын жоктугу жөнүндө маалымкат; резидент эмес жеке жак үчүн ушундай документтерди ошол өлкөнүн мыйзамдарына ылайык берүү зарыл.

ВАУА "Түндүк" ЭВӨС аркылуу салыктар жана камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча Кыргыз Республикасынын резиденттеринин карыздарынын жок экендигин текшерет;

12) курулуш чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык курулуш нормаларынын жана эрежелеринин (мындан ары - СНиП) талаптарына ылайык келген блокчейндин эсептик-эсептөө борборунун (майнинг ферманын) имаратынын долбоорун. Блокчейндин эсептик-эсептөө борборунун (майнинг ферманын) имаратында майнинг жабдууларын орнотуу үчүн дайындалган, талаптагыдай сапаттуу электр менен камсыз кылуучу, өрт, санитардык жана техникалык коопсуздуктарынын талаптарын эске алган система болууга тийиш. Блокчейндин эсептик-эсептөө борборунун (майнинг ферманын) имараты жеңил конструкциялардан же болбосо капиталдык курулуш объектинен болушу мүмкүн.

13) капиталдык курулуш жүргүзүлгөн учурда анда архитектуралык шаар куруу корутундусу, тышкы электрдик тармактардын архитектуралык-техникалык корутундусу, жумушчу долбоор, жумушчу долбоордун мамлекеттик экспертизасы,  пайдаланууга киргизүү жөнүндө документ тиркелиши керек;

14) жеңил конструкция менен курулган учурда имаратта өрт, санитардык жана техникалык коопсуздуктун талаптарын эске алуу менен майнинг жабдууларын орнотуу үчүн дайындалган, талаптагыдай сапаттагы электр менен камсыз кылуу системасы болууга тийиш;

15) блокчейндин эсептик-эсептөө борборунун (майнинг ферманын)ээлеп турган имаратына арыз ээсинин менчик/буюм укугун же ижара укугун белгилеген документтин көчүрмөсү;

16) Кыргыз Республикасынын "Виртуалдык активдер жөнүндө" Мыйзамына ылайык каттоо үчүн жыйым төлөнгөндүгүн ырастоочу документ.

5. Арыз ээсинин документтери (документтин түп нускасы жана/же анын тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү) ВАУАга берилет. Резидент эмес акционерлер/уюштуруучулар/катышуучулар тарабынан берилген документтер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте легалдаштырылууга же апостилдештирилүүгө тийиш. Чет тилде берилген документтер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана/же расмий тилдерине тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн котормосун камтууга тийиш.

6. Кагаз түрүндө берилген документтер номерлери коюлуп, документтердин тизими/тизмеги менен көктөлүшү жана көктөлүүчүгө/файл папкасына брошюраланып, мөөр жана жетекчинин жана/же жеке ишкердин кол тамгасы же электрондук форматта берилген учурда электрондук цифралык колтамга менен күбөлөндүрүлүшү керек.

7. Ушул Тартипте каралган документтерди берүү менен бирге арыз ээси ушул Тартиптин 2-тиркемесине ылайык жеке маалыматтары ыйгарым укуктуу органга берилген адамдарга карата жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугун бериши керек. Жогоруда көрсөтүлгөн макулдукту бербөө берилген документтерди кароодон баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.

8. Арыз ээси сертификат алуу үчүн ВАУАга берилген маалыматтардын аныктыгы, ошондой эле маалыматтардагы өзгөрүүлөр жөнүндө билдирүүнүн өз убагында болушу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликти тартат.

## 3-глава. Өнөр жай майнингин жүзөгө ашырган юридикалык жактын акционерлерине/уюштуруучуларына/катышуучуларына жана жеке майнингди жүзөгө ашырган жеке ишкерлерге карата коюлуучу талаптар

9. Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактары, резиденттер/резидент эместер юридикалык жактын акционерлери/уюштуруучулары/катышуучулары боло алышат.

Юридикалык жактын акционерлери/уюштуруучулары/катышуучулары жөнүндө маалыматтар ушул Тартиптин 1-тиркемесине ылайык анкетада берилүүгө тийиш.

10. Төмөнкү жактар юридикалык жактын акционерлери/уюштуруучулары/катышуучулары боло алышпайт:

1) оффшордук зонанын аймагында жашаган жана/же катталган же болбосо оффшордук зоналарда катталган, катышуучулар катары аффилирленген жактары бар жеке жана юридикалык жактар, алардын тизмегин ыйгарым укуктуу орган аныктайт;

2) аларга карата эл аралык санкциялар болгон жана КИК/ККЛК чөйрөсүндөгү мыйзамдарда аныкталган санкциялык тизмекке киргизилген жеке жана юридикалык жактар;

3) өзүнүн иши, финансылык абалы, катышуучулардын курамы жана юридикалык жактын катышуучуларын, анын ичинде бенефициардык менчик ээлерин ишенимдүү идентификациялоого жана иликтөөгө мүмкүндүк берген

башка бардык маалыматтарды/документтерди белгиленген тартипте ыйгарым укуктуу органга бербеген же болбосо юридикалык жактын катышуучуларын, анын ичинде бенефициардык менчик ээлерин ишенимдүү идентификациялоого жана иликтөөгө мүмкүндүк бербеген маалыматтарды берген жеке жана юридикалык жактар;

4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына же болбосо чет мамлекеттин мыйзамдарына ылайык соттун чечими боюнча аларга карата тыюу салынган же чектөөлөр киргизилген жеке жана юридикалык жактар.

11. Жеке майнингди жүзөгө ашырган жеке ишкерлерге карата ушул Тартипте каралган талаптар жеке ишкерлерге карата колдонуу бөлүгүндө коюлат.

12. Кыргыз Республикасынын резидент эместери үчүн Кыргыз Республикасынын Салык органдарында каттоодон өтүү милдеттүү шарт болуп саналат.

## 4-глава. Документтерди кароонун тартиби

13. ВАУА тарабынан сертификат алуу үчүн берилген документтерди кароо мөөнөтү 20 (жыйырма) жумуш күнүн түзөт. Сертификатты алуу үчүн документтердин пакетин кароо мезгилинде ВАУА берилген документтер жана маалыматтар боюнча тактоолорду жана деталдаштырууну талап кылууга укуктуу.

14. Тактоолор жана деталдаштыруу блокчейндин эсептик-эсептөө борборунун ишке жөндөмдүүлүгүн жана арыз ээсинин тапшырылган документтеринин ушул Тартиптин талаптарына ылайык келишин талдоону, изилдөөнү жана тастыктоону камтыйт. Арыз ээси көмөк көрсөтүүгө милдеттүү (жайга кирүү мүмкүнчүлүгүн берүү, арыз ээсинин системасына жана документтерине кирүү, кызматкерлер менен кеңешүү). Талдоонун, изилдөөнүн жана ырастоонун мөөнөтү 10 жумушчу күндөн ашпоого тийиш, алар ушул Тартиптин 13-пунктунда көрсөтүлгөн мөөнөттөргө киргизилет. Арыз ээси ВАУАнын суроо-талабы боюнча майнинг же виртуалдык активдерди жүгүртүү боюнча ишти жүзөгө ашыруу менен байланышкан маалыматты суроо-талапта көрсөтүлгөн мөөнөттө берүүгө милдеттүү.

15. Эгерде документтер ушул Тартипте белгиленген талаптарга ылайык келбесе жана/же документтердин толук эмес пакети берилген болсо, арыз ээси ВАУАнын жазуу жүзүндөгү билдирүүсүн алган күндөн тартып 10 (он) жумуш күндүн ичинде кошумча документтерди берүүгө тийиш. Мында берилген арызды жана документтерди ВАУАнын кароо мөөнөтү ушул Тартиптин 14-пунктунда көрсөтүлгөн жалпы мөөнөттүн чегинде эсептелет.

16. Ушул Тартиптин талаптарына ылайык келбеген же үч жолудан ашуун толук эмес көлөмдө, же болбосо белгиленген мөөнөттөрдү бузуу менен документтер берилсе, ВАУА документтерди кароодон баш тартат жана бул жөнүндө жазуу жүзүндөгү билдирүүнү арыз ээсине жөнөтөт.

17. Документтерди биринчи кароодо ВАУА көрсөткөн кемчиликтер жана эскертүүлөр четтетилгенде гана сертификатты алууга арызды жана документтерди кайталап берүүгө жол берилет. Документтерди алгачкы кароодо көрсөтүлгөн сын-пикирлер четтетилбеген учурда ВАУА документтер келип түшкөн күндөн тартып 10 жумушчу күндүн ичинде документтерди толуктап иштеп чыгууга кайталап жибербестен документтерди кароодон баш тартууга укуктуу.

## 5-глава. Сертификатты берүү тартиби

18. Каттоодон өткөн жеке ишкерлер жана юридикалык жактар сертификат алган күндөн тартып майнинг иштерин жүргүзүүгө укуктуу.

Реестрге каттоо жөнүндө чечим ВАУА тарабынан таризделет жана кагаз же электрондук формада сертификат (QR-коду менен) берүү менен коштолот.

ВАУА берген сертификат мөөнөтсүз, ажыратылгыс болуп саналат жана үчүнчү жакка берилбейт.

19. Реестрдин негизги максаттары жана милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында иштеп жаткан майнерлер жөнүндө маалыматтардын бирдиктүү банкын эсепке алууну жүргүзүү жана түзүү;

2) адам факторунун кийлигишүүсүз майнерлерди аралыктан каттоого жана коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштырууга мүмкүндүк берүү;

3) майнинг тармагында чык-айкындуулукту, контролдуулукту жана энергиянын натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылуу;

4) Кыргыз Республикасынын аймагында майнерлерге жагымдуу шарттарды түзүү;

5) майнинг чөйрөсүндө изилдөө жүргүзүү жана аналитикалык жана статистикалык материалдарды даярдоо.

20. Сертификат кайра катталган учурда (юридикалык жактын - өтүнмө ээсинин аталышы өзгөргөн учурда) сертификаттын жаңы маалыматтары Реестрге киргизилет.

21. Реестр ВАУАнын расмий сайтына милдеттүү жайгаштырылууга тийиш, анда камтылган маалыматтар менен кызыкдар адамдардын таанышуусу үчүн ачык жана жеткиликтүү болуп саналат.

22. Майнерлерге сертификат алуу үчүн талаптар жана шарттар:

- Кыргыз Республикасынын "Виртуалдык активдер жөнүндө" Мыйзамында жана башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген бардык зарыл маалыматтарды көрсөтүү менен милдеттүү каттоодон өтүү;

- каттоо үчүн жыйым төлөө;

- менчигинде майнинг жабдууларынын болушу;

- майнингдин натыйжасында алынган виртуалдык активдерди чегерүү үчүн жарактуу виртуалдык актив капчыгынын болушу;

- өрт, санитардык жана техникалык коопсуздук талаптарын эске алуу менен майнинг жабдууларын орнотуу үчүн арналган жайды электр менен жабдуу системасынын техникалык оң абалын жана талаптагыдай сапатын камсыз кылуу;

- электр энергиясынын альтернативдүү булактарынын болушу (шамал генераторлору, күн панелдери, кичи-ГЭСтер, газ поршендик генераторлор);

- жашырылган майнинг иштерин жүргүзбөө;

- ВАУАнын суроо-талабы боюнча майнинг же виртуалдык активдерди жүгүртүү боюнча ишти жүзөгө ашырууга байланышкан маалыматтарды суроо-талабында көрсөтүлгөн мөөнөттө берүү.

## 6-глава. Сертификаттын колдонулушун токтотуу

23. ВАУА берген сертификаттын колдонулушу төмөнкүдөй учурларда токтотулат:

- мыйзамда белгиленген тартипте юридикалык жак жоюлса/ жеке ишкер катары иши токтотулса;

- юридикалык жак/жеке ишкер виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген талаптарды бузган учурда сертификатты чакыртып алса;

- иштин сертификатташтырылуучу түрүн жүзөгө ашырууну ыктыярдуу токтотсо;

- сертификатты жокко чыгаруу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирсе;

- сертификат берилген учурдан тартып 12 айдан ашуун майнер катары ишти жүзөгө ашырбаса.

24. Юридикалык жак/жеке ишкер сертификаттын колдонулушун токтоткон учурда түзүлгөн келишимдердин шарттарын аткарууга, төлөмдөрдү бүтүрүүгө жана үчүнчү жактын алдындагы финансылык милдеттенмелерди аткарууга жана ***майнинг ишин*** "Виртуалдык активдер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык токтотууга тийиш.

25. Өнөр жайлык майнингди жүзөгө ашыруучу юридикалык жактар юридикалык жактын тиешелүү башкаруу органы чечим кабыл алган күндөн тартып 15 (он беш) жумуш күндүн ичинде ВАУАга кагаз же электрондук формада билдирүүгө милдеттүү:

- жоюу, кайра уюштуруу жана кайра каттоо жөнүндө;

- башкаруунун аткаруучу, байкоочу органдарынын (директорлор кеңеши - бар болсо) курамын өзгөртүү жөнүндө;

- уюштуруучулардын (акционерлердин/катышуучулардын) курамын акыркы бенефициардык ээлик кылуучуларга - жеке жактарга өзгөртүү жөнүндө;

- юридикалык жактын юридикалык жана / же иш жүзүндөгү даректерин өзгөртүү жөнүндө;

- облустарда же Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерлерде өкүлчүлүктөрдү жана/же филиалдарды ачуу жөнүндө;

- майнингдик жабдууларынын курамы жана мүнөздөмөлөрүндөгү өзгөрүүлөр жөнүндө;

- виртуалдык активдердин капчыктары боюнча даректерди өзгөртүү жөнүндө.

Билдирүү уюштуруучулардын (акционерлердин/катышуучулардын) тиешелүү чечимдери/түзүлгөн, келишимдер/макулдашуулар кабыл алынган күндөн тартып 10 (он) жумуш күнүнүн ичинде ВАУАга жөнөтүлүүгө тийиш. Билдирүүлөр өнөр жайлык майнингди жүзөгө ашыруучу юридикалык жак тарабынан күбөлөндүрүлгөн юридикалык жактын башкаруу органдарынын тиешелүү чечимдерин (же мындай чечимдердин көчүрмөлөрүнүн түп нускаларын) тиркөө менен кагаз же электрондук формада жөнөтүлүшү керек.

## 7-глава. Корутунду жоболор

26. Ушул Тартиптин алкагында ВАУА тарабынан кабыл алынган чечимдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.

27. Майнинг субъекттеринин ишине контролду жана мониторингди жүзөгө ашыруу үчүн майнер Финкөзөмөлгө маалыматтарды жана 5-тиркемеге ылайык форма боюнча мезгилдүү айлык отчетту жана ФОЭСке ылайык түзүлгөн кварталдык финансылык отчетту берип турууга тийиш.

28. Финкөзөмөл Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер рыногун талдоо максатында майнинг иши боюнча консолидацияланган

отчетту ВАУАга берет. Консолидацияланган отчеттуулуктун формасы жана тартиби ВАУА жана Финкөзөмөл тарабынан аныкталат.

Майнингди жүзөгө
ашыруу боюнча иш үчүн
сертификатты каттоо
жана берүү тартибине 1-
тиркеме

**акционердин/уюштуруучунун/катышуучу арыз ээсинин**
**АНКЕТАСЫ**

1. Юридикалык жактын аталышы ____________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

(юридикалык жактын толук жана кыскартылган аталышын көрсөтүү керек)

(бул таблицаны жеке жак толтурат)

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Аты-жөнү | | |
| 2 | Эгерде фамилиясын алмаштырса:<br>(мурдагы фамилиясы) | Качан: | Кандай себеп менен: |
| 3 | Туулган жылы: | Туулган жери: | |
| 4 | Паспорту | Сериясы: | Номери: |
| | | Ким тарабынан берилген: | Берилген датасы: |
| 5 | Жарандыгы:<br>______________________________________________ | | |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | Үй-бүлөлүк абалы: | Иш жүзүндө жашаган жери:<br>моб. тел.: (_____)<br>___________________________ |
| 7 | Негизги иштеген жери: | Ээлеген кызмат орду: |

2. Юридикалык дареги/жашаган жери ___________________________________________________________________

___________________________________________________________________ ____________________________________

3. Юридикалык жак түзүлгөн дата/жеке жак туулган дата ________________________________________________

4. СИН/ИЖН ___________________________________________________________________ __________________

5. Каттоо боюнча ыйгарым укуктуу органда катталган дата

___________________________________________________________________ ____________________________________

(мамлекеттик каттоо/кайра каттоо жөнүндө күбөлүктүн №)

6. Ушул иш менен байланышкан эсептер Кыргыз Республикасынын кайсы банктарында ачылган:

___________________________________________________________________ ____________________________________

___________________________________________________________________ ____________________________________

7. Юридикалык/жеке жак финансылык иш боюнча кимдир бирөөлөр менен болгон соттук талаштарга дуушар

болду беле, эгерде дуушар болсо - акыркы 3 (үч) жылдагы соттук талаштын жагдайлары

(доочу, жоопкер, талаштын предмети, соттук иш кайсы соттук инстанцияда каралууда, ишти кароо

кайсы этапта тургандыгы) жөнүндө толук көрсөт.

8. Арыз ээсинин пикири боюнча олуттуу болуп саналган башка маалымат:

___________________________________________________________________ ______________________________________

_______________________________________________________________

__________________________________

Юридикалык жактын жетекчисинин/жеке жактын кол тамгасы

Мөөрү

Майнингди жүзөгө
ашыруу боюнча иш үчүн
сертификатты каттоо
жана берүү тартибине 2-
тиркеме

**Жеке маалыматтар субъектинин анын жеке маалыматтарын топтоого жана иштеп чыгууга**
**МАКУЛДУГУ**

Калктуу конуш, дата

Мен

__________________________________________________________________

__________________________

(аты-жөнү)

Бул даректе жашаймын:

_______________________________________________________________

__________________________________

_______________________________________________________________

__________________________________

Ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ:

__________________________________________________________

(документтин түрү)

сериясы ________ №___________

берилди

____________________________________________________________

(берилген күн) (ким берген)

(ишенимдүү адам үчүн)

____________________________________________________________

_________________________ атынан

(аты-жөнү)

иш алып баруудa

жашаган дареги:

____________________________________________________________

______________

____________________________________________________________

________________________________

Ким экендигин күбөлөндүрүүчү документ:

______________________________________________________

(документтин түрү)

сериясы ________ №___________

берилди

____________________________________________________________

____________________

(берилген күн) (ким берген)

____________________________________________________________

_____________________ негизинде

(ишеним каттын, мыйзамдын, башка ченемдик актынын)

ыйгарым укуктуу органга эркин, аң-сезимдүү жана өз каалоом менен толук жана шартсыз макулдугумду берем:

- иштетүүгө (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоштуруу максатында ыкмаларына карабастан ыйгарым укуктуу орган же анын тапшырмасы боюнча автоматтык каражаттар менен же ансыз аткарылуучу кайсы болбосун операция же операциялардын топтому), ошондой эле: жеке маалыматтарды берүүгө (Кыргыз Республикасынын Санарип кодексине жана эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан үчүнчү жактарга берилиши).

Жогоруда көрсөтүлгөн макулдук төмөнкү жеке маалыматтарга да тиешелүү:

- фамилиясы, аты жана атасынын аты (мурдагы фамилиясын, атын, атасынын атын, өзгөргөн датасын, ордун жана себебин көрсөтүү (өзгөртүлгөн учурда);

- туулган датасы жана жери; жарандыгы жөнүндө маалыматтар (анын ичинде мурунку жарандыгы, башка жарандыктары);

- билими тууралуу маалыматтар (билим берүү уюмунун аталышы жана аяктаган жылы, билими тууралуу документтин аталышы жана реквизиттери, квалификациясы, даярдоо багыты же билими тууралуу документ боюнча адистиги);

- окумуштуулук даражасы жөнүндө маалымат; чет тилдерди билүүсү жөнүндө маалымат, билүү деңгээли;

- жашаган жеринин дареги (турган жери);

- байланыш телефонунун номери же байланыштын башка ыкмалары жөнүндө маалыматтар; инсандыгын ырастоочу документтин түрү, сериясы, номери, аны берген органдын аталышы, берилген күнү; салык төлөөчүнүн идентификациялык номери;

- үй-бүлөлүк абалы, үй-бүлө курамы жана жакын туугандары;

- эмгек ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтар (анын ичинде аскердик кызмат, айкалыштырып иштөө боюнча иш, ишкердик иш, кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимдердин негизиндеги иш ж. б.);

- мамлекеттик сыйлыктар, башка сыйлыктар жана айырмалоо белгилери (ким тарабынан жана качан сыйланган);

- соттолгондугу бар же жок экендиги жөнүндө, анын ичинде тартиптик, администрациялык жоопкерчилик жана жоруктарды жана тартип бузууларды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик чаралары колдонулгандыгы жөнүндө маалымат;

- кирешелери, чыгымдары, мүлкү жана мүлктүк мүнөздөгү милдеттенмелери жөнүндө маалыматтар;

- жеке сүрөтү.

Майнингди жүзөгө ашыруу боюнча иш үчүн сертификаттарды каттоо жана берүү тартибинде каралган сертификатташтыруу жол-жоболорун Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан жүзөгө ашыруу максатында жогоруда аталган жеке маалыматтарды иштеп чыгуу үчүн беремин.

Менин жеке маалыматтарымдын ишенимдүүлүгүн текшерүү жана террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча маалыматтарды табуу үчүн аларды башка мамлекеттик органдарга берүү жөнүндө мага эскертилгендигин ырастаймын, муну менен бирге Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органы тарабынан көзөмөлдөө жана сертификатташтыруу жол-жоболорун ишке ашыруунун алкагында менин жеке маалыматтарымды жогоруда аталган жактарга берүүдө кийин мага билдирүү берүүнү талап кылбай тургандыгымды түшүнүү менен жана сөзсүз түрдө ырастаймын.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук мөөнөтсүз болуп саналат (көзөмөлдү жана сертификаттоону жүзөгө ашыруу максатында дайыма колдонулат) жана ушул макулдукка кол коюлган күндөн тартып колдонулат.

20__ж. “___” __________________

Кол тамгасы ___________________________ _

Аты-жөнү _______________________________ _

Майнингди жүзөгө ашыруу боюнча иш үчүн сертификатты каттоо жана берүү тартибине 3-тиркеме

____________________________________
(ыйгарым укуктуу органдын аталышы)

**АРЫЗ**

Майнинг ишин жүзөгө ашыруу ашыруу үчүн сертификат берүүңүздү сурайм

______________________________________________________________

_____________________________________________________________
______

_____________________________________________________________
______

(толук аталышы/аты-жөнү, юридикалык дареги/жашаган жери, иш жүзүндөгү

дареги, мобилдик/стационардык телефон номери)

Мен арыз ээси болуп саналам, ушул арызды толтуруп жатып виртуалдык

активдер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары

менен таанышкандыгымды ырастаймын жана жогоруда белгиленген иш үчүн

талап кылынган бардык маалыматтарды жана документтерди тиркеймин, атап айтканда:

1. Акционер/уюштуруучу/катышуучу жөнүндө маалыматтарды

_____________________________________________________________
_____

_____________________________________________________________
_____

Башкаруунун аткаруу органынын курамы (юридикалык жактын жетекчисинин/жеке

ишкердин аты-жөнү)

_____________________________________________________________
_____

_____________________________________________________________
_____

Арызга тиркелди: _____ барак.

___________________________

Арыз ээсинин кол тамгасы жана мөөрү

20____-ж. "___" _________________

Майнингди жүзөгө
ашыруу боюнча иш үчүн
сертификатты каттоо
жана берүү тартибине 4-
тиркеме

**Коллективдүү майнинг системасына каттоо жөнүндө**
**АРЫЗ**

_______________________________________________
(ыйгарым укуктуу органдын аталышы)

_______________________________________________

(толук аталышы/аты-жөнү, юридикалык дареги/жашаган жери, иш жүзүндөгү дареги, мобилдик/стационардык телефон номери)

Кыргыз Республикасынын коллективдүү майнинг системасына каттоону өтүнөм.

Майнинг ишин жүргүзүү үчүн сертификат жөнүндө маалыматтар:

Номери: _____________________________________

Берилген датасы: _____________________________

Майнинг жабдуусунун техникалык мүнөздөмөлөрү:

Модели: _____________________________________

Саны: _______________________________________

Хешрейт (TH/s): ______________________________

Энергияны керектөөсү (кВт): ______________________

Энергияны керектөөнүн пландалган көлөмү (айына кВт.с): ____

Бул арызды толтуруу менен мен, арыз ээси Кыргыз Республикасынын виртуалдык

активдер чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актылары менен таанышкандыгымды

ырастайм жана коллективдүү майнинг системасында каттоо

үчүн талап кылынган бардык маалыматтарды жана документтерди тиркейм, атап айтканда:

1. Майнинг жабдуусуна менчик укугун же мындай жабдуунун

ижара келишимин ырастаган документтерди: _________б.

2. Башка документтерди: ___________б.

Арыз ээсинин колу жана мөөрү

20-___ж. “____” _________________.

Майнингди жүзөгө
ашыруу боюнча иш
үчүн сертификатты
каттоо жана берүү
тартибине 5-тиркеме

**Майнинг иши боюнча отчет берүүнүн формасы**

**1. Жалпы маалымат**

· Субъекттин аталышы: ___________________________________________________

· ИСН: _____________________________________

· Майнинг ферманын жайгашкан дареги: ________________________________________

· Жооптуу адам (ФАА, кызматы, байланыш маалыматтары): _____________________________

**2. Техникалык көрсөткүчтөр**

| **№** | **Көрсөткүчү** | **Бирдиги** | **Мааниси** |
|---|---|---|---|

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Электр менен камсыздоо (орнотулган кубаттуулук) | МВт | | | |
| 2 | Отчеттук ай үчүн чыныгы электр энергиясын керектөө | кВт·с | | | |
| 3 | Жабдуулар (модели, саны) | даана | Мисалы: Antminer S19 Pro — 100 даана | | |
| 4 | Чыгарылган монеталардын саны (түрү боюнча) | бирдик | Мисалы: BTC: ___, LTC: ___ жана башка | | |
| 5 | Сом жана доллар менен алынган сатылган активдердин эквиваленти (КР УБнын курсу боюнча) | KGS / USD | саны | курсу | суммасы |

**3. Финансылык көрсөткүчтөр**

| № | Көрсөткүчү | Мааниси |
|---|---|---|
| 1 | Пулдардан төлөмдөр (ар бир пул боюнча атоо) | Мисалы: Binance Pool: ___ / F2Pool: ___ / … |
| 2 | Түрлөрү боюнча төлөнгөн салыктар (суммасы, датасы, төлөмдүн багыты) | |
| 3 | Башка чыгымдар (ижара, тейлөө, оңдоо) | |
| 4 | Таза пайда / чыгым | |

**4. КИК/ККЛК боюнча маалымат**

· Колдонулган криптокапчыктар (даректер):

· Контрагенттер (биржалар, алмаштыргычтар): ____________________________

· Активдерди сатууда KYC/KYB жол-жоболорун колдонуу: □ Ооба □ Жок

· Шектүү операциялар тууралуу маалыматтар Финкөзөмөлгө жөнөтүлдү: □ Ооба □ Жок

**5. Прилагаемые документы**

1. Пулдан PDF-отчет (Binance Pool, F2Pool ж.б.)
2. Электр энергиясын берүүчүдөн энергетикалык маалым кат
3. Капчыктарга түшүүлөр боюнча көчүрмө

Жетекчи: _______________________ / Дата: _____________
Башкы бухгалтер: __________________ / Дата: _____________
Жооптуу жак: _________________ / Дата: _____________